DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



*Тыныстанова Н.А.*

# ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВДУН «ЭРТЕ КЕЛГЕН ТУРНАЛАР» ПОВЕСТИН VIII КЛАССТА ИНТЕРАКТИВДҮҮ ОКУТУУ

*Тыныстанова Н.А.*

# ИНТЕРАКТИВНОЕ ОБУЧЕНИЕ ПОВЕСТИ ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВА «РАННИЕ ЖУРАВЛИ» В VIII КЛАССЕ

*N. Tynystanova*

# INTERACTIVE LEARNING OF THE STORY OF CHYNGYZ AITMATOVA «EARLY CRANES» IN THE VIII CLASS

*УДК: 371.3:821.512.154*

*Жалпы эле кыргыз прозасынын реалисттик чыгармачылыгынын өзгөчө феномени болгон Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгы, жеке эле илимий изилдөө үчүн эмес, ал ошондой эле мааниде тарыхый, философиялык, педагогикалык жана башка аспектилерден да каралуу зарылчылыгына ээ болуп келет. Анткени, Ч.Айтматов – кыргыз адабиятына, анын ичинде кыргыз прозасына жазуучулук чеберчиликтин таамай курч демин киргизип, дүйнө жазуучуларынын классигине айлангандыгын эч бир танууга болбойт. Макалада окуучуларды Ч.Айтматовдун "Эрте келген турналар" повестинин идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүгү менен жалпылап тааныштыруу маселелеринин негизинде, инновациялап окутуу маселелерине өзгөчөлүү көңүл бурулуп, повести VIII класста интерактивдүү методдорду колдонуп окутуу маселелери каралды. Макала повестин аталган класстарда окутулушу боюнча бир катар түйүндүү маселелерди чечмелеп берүү менен, мектеп мугалимдери үчүн усулдук колдонмо катары жазылды.*

***Негизги сөздөр:*** *интерактидүү окутуу, салттуу окутуу, адабият мугалими, класстер, окуучу, класс.*

*Творчество Чынгыз Айтматова, являющееся своеобразным феноменом реалистического творчества кыргызской прозы в целом, имеет необходимость не только для научного изучения, но и в том смысле, что рассматривается в историческом, философском, педагогическом и других аспектах. Потому что Ч.Айтматов-нельзя отрицать, что он привнес в кыргызскую литературу, в том числе кыргызскую прозу, острый дух писательского мастерства и стал классиком писателей мира. Статья обучает учеников на основе вопросов обобщения идейно-художественных особенностей повести Ч. Айтматова «Ранние журавли» особое внимание уделено вопросам инновационного обучения, рассмотрены вопросы обучения повести в VIII классе с использованием интерактивных методов. Статья написана как методическое пособие для школьных учителей с изложением ряда узловых вопросов по преподаванию повести в указанных классах.*

***Ключевые слова:*** *интерактивное обучение, традиционное обучение, учитель литературы, класстер, ученик, класс.*

*Creativity of Ch. Aitmatov, which is a peculiar phenomenon of realistic creativity of Kyrgyz prose in general, is necessary not only for scientific study, but also in the sense that it is considered in historical, philosophical, pedagogical and other aspects. Because Ch.Aitmatov-it cannot be denied that he brought to Kyrgyz literature, including Kyrgyz prose, a keen spirit of writing skills and became a classic of writers of the world. The article teaches students on the basis of questions of generalization of the ideological and artistic features of the story of Ch.Aitmatov's «Early Cranes» special attention is paid to the issues of innovative learning, the issues of teaching the story in the VIII grade using interactive methods are considered. The article is written as a methodological guide for school teachers outlining a number of key issues on the teaching of the story in these classes.*

***Key words:*** *interactive learning, traditional learning, literature teacher, cluster, student, class.*

«Эрте келген турналар» повести орус мектебинин VIII классында 2015-2016-окуу жылынан бери гана окутулуп баштады. Повесттин орус мектебинде мектебиндегидей болуп VII класста эмес, VIII класста окутулганы, албетте туура. Бул жерде кыргыз адабияты программасын түзүүчүлөр ишке терең карашып, туура жыйынтыкка келишкен. Аталган класста бул чыгарманы окутуу мугалимден өтө чоң чеберчиликти, повестти окутуу боюнча бай материалды жыйнап, аны иргеп алып, өз орду менен ыктуу пайдалануу жагын талап кылган учур. Мындан тышкары, кошумча сабак, адабий ийрим, факультативдик сабактар жана көргөзмөлүүлүк менен техникалык каражаттар аркылуу да повестти толук өздөштүрүү мүмкүнчүлүгү түзүлөт. Албетте азыр көргөзмө курал менен техникалык каражаттар, айрыкча компьютерди колдонуу мүмкүнчүлүктөрү, Интернет окуучуларга кеңири маалыматтарды жеткирип, жаштайынан сезимтал кылып тарбиялап койду. Мына ушундай ички даярдыктар татаал чыгармаларды талдоодо оң таасирин тийгизип, мугалимдин түйшүгүн жеңилдетет.

Ч.Айтматовдун бул аталган «Эрте келген турналар» («Эрте жаздагы турналар» деп да атап жүрүшөт) повести кыргыз мектебинде «Бетме-бет» повестине удаалаш окутулат. Жазуучунун калеминен «Эрте келген турналар" чыгармасы менен "Бетме-бет" чыгармасы ар башка убакта, ар башка жылдарда жаралса да экөөндө тең көтөрүлгөн согуш темасы аталган чыгармаларды бири-бирине жакындатып, бириктирип тургансыйт. Ошол калк башына келген алаамат мезгилди адам баласы канчалык деңгээлде жон териси менен сезип, жеңиш үчүн канчалык деңгээлде иш жүргөндүгү көз алдыңа элестетилет. Бул жерде «Бетме-бет» чыгармасында жазуучу өзгөлөрдөн жеке жашоосунун куну үчүн жан далбаска түшкөн коркок, жанынын амандыгы үчүн эч нерседен кайра тартпаган кейипкер тууралуу баяндаса, «Эрте келген турналар» чыгармасында да жогорудагыдай өз кызыкчылыгын өзгөлөрдөн жогору койгон кейипкерге окшош кишилердин

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



жер иштетүүгө чегерилген малдарга кол салышы, аларга тикелей турган өспүрүмдөрдүн алгылыктуу аракеттери повестеги өзөктүү бир маселе жана ал сюжеттик окуянын маңызын камтыйт. Албетте, аталган маселе «Эрте келген турналар» чыгармасында тездик менен жөнгө салынбайт. Чыгарманын 5-бапы: «Күтүнгөн күндөр жакындай берди», - деп башталса, 7-бапы: «Ал күндөр жакындап келатты», - деп баяндалат да, жазуучу окуяны баяндоону кечеңдете берет. «Жазуучу негедир мурдагы чыгармаларына – айрыкча «Гүлсарат», «Ак кеме» повесттерине мүнөздүү болгондой жайбаракаттык менен Султанмураттын балалык кезин биринчи жолу шаарга барганын, айылдын сулуу бийкечи Мырзагүл, «кыйыны» Анатай менен болгон мамилелерин сүрөттөйт. Улам кийинки эпизод… «…ошол күндөр жакындап келатты деген поэтикалык кайталоо менен башталат. Бул фразада кандайдыр бир коркунучтуу, кандайдыр бир сезимди тынчсыздандырган маани жатканы уламдан-улам күчөп отурат. Бирок жазуучу ал күндөрдү көрсөтүүгө анчейин шашылбайт» [1, 206-б.].

Албетте, «Бетме-бетте» башкы кейипкердин жан бактылык, өзү үчүн башкаларды өлтүрүүдөн кайра тартпай калгандыгына чыгарманын финалында жан күйөөрү жубайынын каршылаштыгы, адалдык жана арамдык бетме-бет беттешсе, «Эрте келген турналарда» андай арамдыкка, же жазуучу баяндагандай «ошол жакындап келаткан» кара күнгө жаңыдан жетилип келе жаткан Султанмурат бетме-бет беттешет. Проблемага башка өңүттөн көз жүгүртөлү. Кан күйгөн согуштун адамзатка тийгизген кесепетин сезип, ал жашоого өзү да күбөө болгон автор нечендеген жоготуулар аркасында жаралган женишке себепкер болгон өспүрүмдөрдүн баа жеткис иштерине баш ийип, таасирленет. Ошондогу аламаат мезгилдеги өспүрүмдөрдүн айылдагы ат көтөргүс иштерин автор «Манас атанын ак кар-көк музу» [2] деген эмгегинде да өзгөчө эргүү менен баса белгилейт.Алаамат өлкөнү каптаганда автор 13кө чыккан өспүрүм эле. Эр жеткен азаматтар бүтүндөй майданда, согушта чок басып, душман менен күрөшүп жүрүшкөндө 14-15 жаш убагында автор айыл кеңешинин катчылык жүгүн аркалап, айылдык өкмөттүн жетекчилеринин биринен болуп калды. Мындай коогаландуу убактагы жаш өспүрүмдөрдүн баа жеткис иштери тууралуу Айтматов аталган эмгегинде өзгөчө бир кыял, башкача бир толкундоо менен жазган экен. Ушундай аялуу жашоо чындыгы авторду ой боюна койбой кайрадан бир повестинен экинчи повестинде ошол эле «туруктуу темага» кайтууга жетелеп келет. Мурда кийин жарыкка келген чыгармаларында авторго жашоонун башка бир олуттуу маселеси берилбей жаткандай сезилип тургансыйт. Өрт күйгөн учурду жазуучу өзүнүн жан дүнүйөсүнөн өткөрүп, өзүнүн көргөн жашоо мезгилин бирин-экин чыгармага батырууга, көркөм жалпылаштырууга туура келбес. Ошон үчүнбү Айтматов аламаат мезгилге арналып жазылган эмгектерине тыянак коё албай, алар жазуучунун өнөрканасына жаралгандай. Айтматовдун аталган темаларга уламдан улам, бүтүндөй окурмандын жан дүйнөсүн арбап, жипсиз байлап турган чыгармаларды арнашында өзгөчө бир себеп бардай. Ушул жерден белгилүү сынчы Асаналиевдин пикирине шилтеме бере кетели. «Чынын айтсам, Чыңгыз Айтматовдун бир касиети мени дайыма таң калтырат. Ойго салат, суктандырат, - деп жазат ал. - Ал мындайча. Улам жаңы чыгармачыл бийиктикке чыкканда, кандайдыр бир өр алуу, тыныгуу болот дечү эле. Мындай учурда катардагы, жалпы эсеп үчүн чыгарма жазылышы да мүмкүн эле. Айтматов ушул болдубу? «Улам жаңы бийиктикти жеңүү, анан кайрадан баарын башынан баштоо – мына Чыңгыз Айтматов, «Бетме-бет» повестинен бери жашап келаткан чыгармачылык өмүр. Ошондон бери жазуучу тынымсыз, үзгүлтүксүз изденүү жолунда» [3, 4-5-бб.] Чыгарманы мектепте окуучуларга жеткирүүнүн убагында окутуучунун кириш баяндамасында албетте ушул пикирлер эстеринен чыкпоосу абзел. Албетте, ушундай пикирлер татаалдаштырылбай, VIII класстын балдарынын деңгээлине туура келгендей жеткиликтүү берилгенде гана сабак жакшы тыянак беришин өз кесибинин адиси эске алуусу керек.

Албетте, V-VIII класстардагы адабиятты окутуу ишинде ар бир эле текстти комментарийлеп окутуу өзгөчө ыкмалардын бири болорун билишибиз жетиштүү болор. Мектеп программасын караганыбызда чыгарманы окуучуларга берүүгө 6 саат камтылыптыр. Аталган сааттар ойдогудай туура бөлүштүрүлбөсө, повести берүүдөгү мектеп адистеринин максаттуу иш-аракеттери жакшы натыйжалуу болбой калат. Себеби чыгармаларды окуучуларга жеткирүү ишинде туура бөлүштүрүү проблеманы ар тараптан чечүүсүн практика да, кесипкөй адистер да, усулчулар да баса белгилеп келишүүдө.

Чыгарманы окутуунун алгачкы болүмүндө киришүү иретинде автордун өмүрү, чыгармачылыгы баштапкы айтылгандай кыска, так тааныштырылган соң өтүлүп жаткан чыгарманын бүтүндөй окулушуна көңүл бурулганы туура. Повести окутуу иштери 2-3-, 4-, андан кийин 5-саатта да уланат. Арийне, кандай гана чыгарма болбосун, аны окуурдун алдында өзгөчөлүү бир максаттар коюлганда гана (образдарды берүү, идеялык-көркөмдүк деңгээлин анализдөө ж.б.) комментарийлеп окутуу иштери өз максатына жетерин эске алуубуз зарыл.

Чыгарма «Новый мир» журналына жарык көрөр замат окурман журтчулуктун назарын өзүнө бурду. 1975-жылдын соңку мезгилинен баштап, атактуу адабият ишмерлери жана сынчылары аталган чыгарма

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



тууралуу макалалары «Литературная газета», «Известия», «Комсомольская правда», «Литературная Россия» аталышындагы газета, журналдарга биринин артынан бири жарык көрдү. Муну менен катар биздин адабиятчылар менен сынчылар да ал жөнүндө өз пикирлерин айтышты.

Аталган чыгарма үч эпиграф менен башталат. Булардын ар биринин көтөргөн жүгү көркөмдүк мааниси зор. Булар чыгарманын мазмунуну менен идеялык-эстетикалык пафосуна айкашып турат Бул жөнүндө белгилүү окумуштуу, проф.Озмитель өзүнүн макаласында чыгарманын жазуучу баласы Аскарга арнаганын, ошону менен эле чыгарма согушту көргөн, алаамат мезгилден кийинки төрөлгөн муундарга да арналганын, үыгарманы соңуна чейин окуп чыксаң да ошол алаамат күндөргө аргасыздан кайрылганын белгилесе, дагы бир белгилүү окумуштуу, профессор агайыбыз М. Рудов: «Окурман повесттеги арноодон кийин эпиграф катары кыргыз элдик ырларынан, «Иова» китебинен жана байыркы Индия адабиятынын эстеликтеринен ыр саптары келтирилгендигин сөзсүз баамдайт. Повестти аягына чейин окуп чыккандан кийин эпиграфка дагы бир жолу кайрылып, анын маанисине тереңирээк ой жүгүртсөк, мурда бизге кадыресе элде болуп турган окуяларда кандай терең мазмун жаткандыгын ачык көрөбүз» [5], - деп жазса, К.Асаналиев: «Чыңгыз Айтматов мурда чыгармаларына эпиграф берчү эмес эле, «Эрте келген турналарга» үч эпиграф берген экен: кыргыз эл лирикасынан, «Иова» китебинен, байыркы индус эпосунан. Эпиграф анчейин берилбеси белгилүү. Анын үстүнө жазуучу эпиграфты байыркы поэтикалык казынадан алып жазат. Башкача айтканда, байыркы акылман саптар жана Улуу Ата Мекендик согуштун учурундагы турмуш. Аралыктагы мезгилдик дистанция – тарыхый дистанция. Ошого карабастан, эзелки философия менен биздин күндөрдүн ортосундагы тикеден-тике байланыш. Анткени автор согуш көндөрүн баяндап гана чектелбейт, адам тагдырына байланыштуу философиялык, нравалык проблеманы изилдейт. Жазуучунун изилдөө кароолунда – адамдын өмүр-тагдыры. Ал өмүр-тагдыр жаңы гана башталган» [3], - деп баса белгилейт. Мына ушундай чыгармадагы арноо менен эпиграфка үлкөн окумуштуулардын абдан жакшы пикирде болушканын аңдап билүү анчалык кыйын деле эмес иш го. Чыгармадагы эпиграф жөнүндө мынчалык өзүнчө сөз кылып отурганыбыздын себеби бар. VIII класстын балдарына эпиграф, анын эмне максат менен качан колдонулары тууралуу маалымат айтылабы, айтылбайбы? Адабият мугалимдери ушундай суроолорду күн мурунтан чечип алуусу абзел. Себеби автор айтылган эпиграфтарды жөндөн-жөн эле чыгармага берген жок. Анткени чыгарманын бүтүндөй духуна, сюжетине, идеялык-эстетикалык маанисине бул эпиграф өзгөчө бир дем менен сиңип турат. Ошол үчүн эпиграфтын кандайча маани берип, роль аткарып тургандыгы жөнүндө айтылышы зарыл.

Чыгармадагы дагы бир мугалим өзгөчө көңүл бура турган жагдай жаралуу бутунан сылтып баскан колхоздун башкармасы Тыналиев класска кириши. Повесттеги бул эпизодго VIII класстын окуучулары анчейин көңүл да бурбайт. Себеби башкарманын тышкы турпаты башкармага окшошпойт. Анын өңүндө каардуулук ошол эле учурда камкордук сезилет. Белгилүү искусство таануучу М.Зак белгилегендей, башкарма Тыналиевдин «түсү окоптун чаңы сиңип калган шинелине окшоп тургандай» [6]. Орус тилдүү мектептин VIII классынын окуучулары албетте Тыналиевди дал ошондой турган турпаты менен кабылдаганы туура.

Окуу бөлүмүнүн башчысынын уруксаты менен класска баш баккан Тыналиевдин окуучулар менен сүйлөшүүсү кыскача. Ушул эпизод окуучуларга бүтүндөй тааныштырылышы керек: «Былтыр эки жүз гектар жерге күздүктү кем айдап калдык. Бу да болсо согуштун кесепети… Бул кемчилигибизди жаздык менен жабыш керек. Эки жүз гектар! Билдиңерби? Буга күчтү кайдан алмакпыз, кимге таянмакпыз. Айдоо алыс, Аксайда. Аялдар бара албайт. Эмне кылмакпыз? Ойлоп-ойлоп отуруп, акыры окуучу балдар, силерден жардам сурайлы дедик…

Мына ушинтип сүйлөдү Тыналиев башкарма. Аскерден кийе келген боз шинели үстүнөн түшпөгөн, көк тумагы башында, асынма сумкасы капталында, өзү жаш болсо да караганы катаал, кабагы түнт, кабыргасы кем капталына кыйраңдай баскан, бет отунун сөөгү чыгып, арыктап калган башкарма ушинтип сүйлөдү…» [7, 416-б.].

Повести окутуп жатканда мугалимдин көңүлүн бура турган бир проблема келип чыгат. Бул проблема жашоодогу зөөкүрлүк, жексурлук менен болгон каармандын алгачкы кез келүүсүн автор психологиялык жагдайда кантип даярдаганын окуучуларга түшүндүрүп берүүсүндө турат. Айтматов чыгармадагы Султаmуратты ак менен каранын каршылыгына психологиялык жана көркөмдүк алкакта кандай даярдаса, адабият адиси да өзү окуткан балдарын каармандын кара ниеттике кандайча кириптер болуп калгандыгын ар кайсы жактан ачып берүүгө аракеттениши зарыл. Балдардын көңүлүн бурчу дагы бир олуттуу жагдай – окуучулардын Аксайга кетериндеги мезгилде Тыналиевдин десантчыларга кайрадан кайрылуусу. Ушул эпизодду чагылдырган беттер да бүтүндөй окулушу керек.

Каармандарды мүнөздөөгө келгенде интерактивдүү кластер ыкмасын пайдаланган ыңгайлуу. Ооба, окутуу ишин интерактивдүү уюштуруу максатында жогоруда айтылгандарды таяныч материал катары пайдаланып, окуучуларга кластер түздүрсө да ашыкча болбойт. Кластерлерди алар өз-өзүнчө эки бөлөк

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



топторго бөлүнүп өз алдыларынча түзүшөт, же болбосо тактага мугалим менен бирдикте чогуу түзүлөт. Мында Султанмуратка деп өзүнчө, Анатайга деп өзүнчө кластер түзүлөт. Өз алдынчаны эки бөлөк топтогу окуучулар өз-өздөрүнчө биргелешип аткарып, анан бирден өкүл чыгып, түзүлгөн кластерлерге презентацияларды жүргүзүшөт. Презентация жүргүзүп жатканга каршы топтон суроолор берилет. Эгер жооп бере албаса, жоопту анын тобундагы окуучулардын бири айтат. Акырында мугалим жалпылап жыйынтыктайт жана баалайт. Биргелешип тактага чогуу түзүүдө мугалим алгач атайын ватман кагазга Султанмураттын атын жазып, окуучулардан бул кейипкерге тийиштүү мүнөз-сапаттарды атап берүүлөрүн өтүнөт. Алардын айтканын Султанмураттын аты жазылган жазууну тегерете жайгаштырып жазат. Анатайга да так эле ушундай тартипте кластер түзүлөт. Кейипкерлердин бул өздөрүнө гана тийиштүү сапаттарын окуучулар повесттен алынган жандуу мисалдар аркылуу баяндап беришет. Билбегенин кийинкилери толуктайт. Мугалим алардын айтканын корутундулап, баалайт. Жыйынтыгында окуучулар буга чейин өздөштүргөнүн кайра баштан эске түшүрүп, ой элегинен өткөрүшөт.

«Эрте келген турналар» повестин орус мектебинин VIII классында окутуудагы жыйынтыктоо сабагын Блумдун ромашка гүлү аркылуу ла сабакты уюштурса абдан пайдалуу. Ушул жагдайда желекчелерге тогуз типтеги суроолор жайгаштырылат. Маселен, төмөнкү типте:

*Жөнөкөйлөштүрүлгөн суроолор.* Султанмурат ким деген кыздан бетаарчы белекке алат? Ал кайсы классташы менен мушташат?

*Тактоочу суроолор.* Султанмуратка Цейлон аралы эмне себептен бейиштин жери болуп туюлат?

*Багыттоочу суроолор.* Бекбай уулуу Султанмуратты таң атпай тургузду? Окуя андан ары кандайча уланды?

*Ойлонтуучу суроолор.* Султанмурат эмне себептен классташы менен мушташканына өкүнүп калды? Же өчөгүшүп алат деп корктубу?

*Чаташтыруучу суроолор.* Анатай жактырган кызды Султанмурат эмне себептен ыза кылды? Султанмурат Мырзагүлдөн алган бетаарчыны эмне себептен сууга ыргытып жиберди?

*Чечмелөөчү (түшүндүрүүчү) суроолор.* Эмне себептен Султанмурат өзүнө бөлүнгөн аттарга өзгөчөлүү мамиле кылат? Эмне үчүн Аксай десантынын командирлигине Султанмурат дайындалды?

*Чыгармачыл суроолор.* Эгер сен Ч.Айтматовдун ордунда болсоң, повесттеги окуяларды кандайча аяктаар элең? Анатай Султанмураттын колунан бетаарчыны тартып алып качты, окуянын андан ары кандайча өнүккөнүн каалайсың?

*Баалоочу суроолор.* Повесттеги Султанмурат менен Анатайга кандайча баа бересиң? Аларды күрөш жолундагы адамдардын үлгүсүндө элестете аласыңбы?

*Практика жүзүндөгү суроолор.* Султанмураттын ордунда болсоң, бетаарчыны Анатай алып качышына макул болот белең? Сен Мырзагүлдүн ордунда болсоң, жаш уланга карата сүйүүңдү кантип билдирет элең?

Бул жерде ар бир окуучуга бирден суроо берсе да туура келет. Албетте, повесттин окуяларын бүт бойдон чагылдыруу иретинде суроолор экиден берилди. Албетте, суроолордун маңыз кандайча мазмунда экендигин балдар билбеши керек.

«Эрте келген турналар» повести боюнча сабакты жыйынтыктоону атайын түзүлгөн суроо-тапшырмаларга жооп алуу, же интерактивдүү ИНСЕРТ усулу аркылуу уюштурса да алгылыктуу сабак болору шексиз. Ал учурда сабак баарлашуу түрүндө жүзөгө ашат. Жыйынтыгында Интерактивдүү сабактарды өзүнчө сабак формасы деп таануу абзел. Анткени аны сабактын формасында көрсөтүлгөн салттуулукка, же салттуу эместикке да кошууга туура келбейт. Интерактивдүү сабактын максаты сабак процессин бүгүнкү күндүн талаптарына ылайык уюштуруу, билим алуунун сапатын көтөрүү, демократиялуу коомдун татыктуу мүчөсүн – инсанды калыптандыруу эсептелинет. Интерактивдүү сабак салттуу сабакка атаандаштык негизде аракеттенүүчү, окутуу процессин алып баруунун өз алдынчалуу системасы эсебинде [7, 5-32-бб.].

**Адабияттар:**


1. Асаналиев К. Өрдөн өргө. – Ф., 1977.
2. Айтматов Ч. Манас атанын ак кар-көк музу // Советтик Кыргызстан. – 29-апр. – 1980.
3. Асаналиев К. Доор менен бирге. Китепте: Гүлсарат. – Ф.: 1978.
4. Озмитель Е.К. Туңгуч турналар // Кыргызстан маданияты. – 30-окт. – 1975.
5. Рудов М. Баатырдык дастан // Советтик Кыргызстан. – 10-окт. – 1976.
6. Зак М. Утурлашкан кыймыл // Кыргызстан маданияты. – 15-май. – 1980.
7. Айтматов Ч. 5 томдон турган чыгармалар жыйнагы, Ітом. – Б.: Шам, 1999. 493 б.
8. Оторбаев Б. Адабиятты мектепте окутуунун актуалдуу маселелери. – Б.: Айат, 2013. – 95б.
9. Тыныстанова Н. Природа фантастичности в романах Айтматова. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2017. №. 4. С. 179-183.